| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын VI кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 21-майы №69 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Комсомол айылынын аталышын Калкагар айылына өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик маанидеги объектерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу" Жобонун негизинде, "Кыргыз Республикасындагы географиялык объектерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө" Жобосунун 2-пунктуна ылайык жана Комсомол айылынын тургундарынын жалпы чогулушунун протоколу, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын жана жалпы депутаттардын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Ж. Зарнаевдин Комсомол айылынын аталышын Калкагар айылы деп өзгөртүү боюнча кайрылуусундагы сунуштамасы жана Комосол айылынын жергиликтүү тургундарынын (жашоочуларынын) айылдын атын өзгөртүү жөнүндөгү макулдугу эске алынсын.

2. "Кыргыз Республикасындагы географиялык объектерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө" Жобосунун 2-пунктуна ылайык, Комсомол айылынын аталышы Калкагар айылы деп өзгөртүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын төрайымы А.Кендирбаевага тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** — **А.А. Мамбетов**